| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЧҮЙ ОБЛАСТЫ**<br>**ЫСЫК-АТА РАЙОНУ**<br><br>**НУРМАНБЕТ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН**<br>**НУРМАНБЕТ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН**<br><br>**НУРМАНБЕТСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**НУРМАНБЕТСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ

13-июль 2021-жыл №13/111-28 Нурманбет а

## Нурманбет айыл өкмөтүнүн менчигиндеги негизги каражаттарды эсептен чыгаруу тартиби жана муниципалдык менчиктеги авто унаа каражаттарын сатуу тартиби жөнүндө жоболорду бекитүү жөнүндө

Нурманбет айыл өкмөтүнүн менчигиндеги негизги каражаттарды эсептен чыгаруу тартиби жөнүндө жобонун долбоорун карап жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын ”Мүлкко муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамынын 19-беренесине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик Агенттигинин 6-апрель 2018-жылдагы №01-18/41 буйругунун негизинде ,муниципалдык менчиктеги объектилерди, негизги каражаттарды жана авто унаа каражаттарын сарамжалдуу пайдалануунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө”, “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” мыйзамдарын жетекчиликке алуу менен Нурманбет айылдык кеңеши токтом кылат:

1.Нурманбет айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигиндеги негизги каражаттарды эсептен чыгаруу тартиби жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

2.Нурманбет айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигиндеги авто унаа каражаттарын сатуу тартиби жөнүндө жобо 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

3.Бул токтом жалпыга маалымдоо каражаттарына чыгарылсын.

4.Бул токтомду аткарылышын көзөмөлдөө Нурманбет айылдык кеңешинин бюджет жана финансы боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Нурманбет айылдык кеңешинин
төрагасынын орун басары: Ж.Сагынбекова